MANAS Din Bilimleri Araştırmaları Dergisi (MDBD) 2022 Cilt: 01 Sayı: 1

Manas Journal of Religious Sciences (MJRS) 2022 Volume: 01 No: 1

Research Paper / Araştırma Makalesi

# Ыйык Курандын негизинде Пайгамбарлардын ата менен уул ортосундагы мамиленин каралышы.

Шохимардан ОРУНБЕКОВ [1]

**Аннотация**

Ар бир үй-бүлөдө атанын орду абдан чоң мааниге ээ. Анткени, ата-эне менен чогуу, ынтымактуу үй-бүлөдө жашаган бала – бактылуу балалык мезгилин жашай алат. Атанын мээримин, тарбиясын, таалимин, камкордугун көрүп чоңойгон бала – коомдо өз ордун тез таап кете алат. Мындай бала – ырыстуу бала. Андай баланы «жакшы атанын уулу экен», же «атанын таалимин көрүп өскөн бала» деп, эл оозунда мактоого арзыйт. Биз бул эмгегибизде ата жана уулдун ортосундагы мамиле кандай болуусу керектигин ыйык китебибиз Курандын негизинде талкуу кылабыз. Пайгамбарлардан Адам ата жана анын эки уулунан тартып, акыркы пайгамбар Мухаммедке (а.с.в.) чейин келген пайгамбарлардын өз уулдары менен болгон мамилелерин чагылдырган окуялардан сабак чыгарабыз.

*Ачкыч сөздөр*: Куран, Пайгамбарлар, Ата, Уул, Таалим-тарбия.

## The relationship between father and son in the example of the prophets based on the Holy Qur'an

**Abstract**

The role of the father is very important in every family. After all, a child who lives in a close-knit family with his parents can live a happy childhood. A child who grows up with the love, upbringing, education, and care of a father can quickly find his place in society. Such a child is a good boy. Such a child deserves to be praised as “the son of a good father,” or “the son of a father.” In this work, we will discuss the relationship between father and son on the basis of our holy book, the Qur'an. From the prophets, we learn from the stories of the prophets, from Adam and his two sons to the last prophet, the Prophet Muhammad (pbuh), in relation to their sons.

*Keywords*: Qur'an, Prophets, Father, Son, Education.

[1] Кыргыз-Түрк “Манас” Университети, Теология факултети Ислам илимдери бөлүмүнүн доктаранты, Кенже илимий кызматкер, Orunbekovsohimardan@manas.edu.kg

## Киришүү

Ар бир үй-бүлөдө атанын орду абдан чоң мааниге ээ. Анткени, ата-эне менен чогуу, ынтымактуу үй-бүлөдө жашаган бала – бактылуу балалык мезгилин жашай алат. Атанын мээримин, тарбиясын, таалимин, камкордугун көрүп чоңойгон бала – коомдо өз ордун тез таап кете алат. Анткени, аталар тарбия берүүдө ата энесине баш ийүү, улууларды сыйлоо, үй бүлөсүн сүйүүгө негиздеп тарбия беришет. Баланы кичинесинен баштап улуу кишилерге салам айтууга, тамакка өзүнөн улуудан биринчи кол салбоого, улуулардын сөзүнө аралашпоого, өзүнөн жашы улуу бардык адамдарга “сиз” деп кайрылып, аларды атынан атабай, алардын жаш өзгөчөлүгүнө жана туугандыгына жараша эже, байке, жеңе, аке, чоң ата, чоң апа, тай эне, тай ата, тайке деп кайрылууга үйрөтөт. Коомдо өз ордун таап кетүүсү үчүн ата өз уулуна колунан келген кесиптерди үйрөтүүгө аракеттенет. Атанын мындай тарбиясын алган бала – ырыстуу бала болуп «жакшы атанын уулу экен», же «атанын таалимин көрүп өскөн бала» деп, эл оозунда мактоого арзыйт.

Эч качан атанын ордун жалгыз эне толуктай албайт, себеби, үй-бүлөдө атанын эч ким аткара алгыс милдети, ролу бар.Тилекке каршы, ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет болуп, турмуштун сыноосуна сынган үй бүлөлөр да жок эмес. Кээ бир ата энелер болор – болбос турмуштун сыноолоруна туруштук бералбай, ажырашып кетишет. Жыйынтыгында балдар толук эмес үй-бүлөдө чоңойуп, келечектери бүдөмүк болуп, жашоодо өз ордуларын эрте таба албай, бир топ кыйынчылыктарга туш болууда. Ал эми ынтымактуу үй-бүлөдө эркек адам кам көрүп, иштеп, айбаттуулук көрсөтүп, тиричиликке керектүү нерселер менен камсыздандырып турса аялы да, балдары да басынбай, кыйналбай жашайт. Ошондуктан ата-эне турмушта бир бирин түшүнө билүү менен ынтымактуу, үлгүлүү ата-эне болууга тийиш. Ата эне өз уул кыздарына жакшы тарбия берүү аркылуу уул кыздарынан келечекте балдарынан жакшы нерселерди үмүт кылса болот. Тескерисинче жаш тайынан балдардын тарбиясына кам көрбөгөн ата-энелер, өз перзенттеринен запкы чегип, эл алдында баш көтөргүс абалга туш болууга мажбур болушат. *“Бала жакшысы – атанын даңкы, кыз жакшысы – эненин баркы”* деп ата бабаларыбыз бекеринен айткан эмес.

Ата менен уулдун мамилеси түз болуу үчүн алгач ата өз уулуна жакшы үлгү болууга тийиш. Атанын уулуна болгон мамилеси ар бир үй бүлөдө ар кандай көрүнүштө болот. Мисалы: кээ бир аталар өз уулу менен сырдаш болсо, кээ бир аталар өз уулуна орой мүнөздө баарлашып, кунүмдүк турмуштун маселелерин досторкон үстүндө сүйлөшүп койуп кетеберишет. Мындай үй бүлөдөгү ата менен баланын мамилеси суук мамилеге айланып, бала өз ойун айтууда, же ийгиликтерин айтууда атадан алыс туруп калат. Ал эми кээ бир аталар өз балдары менен тамашалашуу жолу менен да мамиле жасап, ар дайым бир достой мамиледе болушат. Албетте ар бир нерсенин чеги болгондой бала менен болгон мамиледе да чектен ашпоо керек. Тамашалашуу болсун же сырдашуу же болбосо каш кабак менен оор мамилени көрсөтүүдө да орто жолду кармануу эң туура болот деген пикирдебиз. Ата өз уул-кыздарына мамиле жасоодо да адилеттүү болууга тийиш. Эркек бала болсун же кыз бала болсун баары бирдей перзенттик статуска ээ экени талашсыз.

### Пайгамбарлардын жашоосунда ата менен уулдун мамилеси.

Бизге туура жолду көрсөткөн ыйык китебибиз Кураны Каримде пайгамбарлардын өз уулдары менен болгон мамилелери же уулдарына насаат айтып, аларга туура жолду көрсөткөн пайгамбарлар жөнүндө кабар берилген. Миңдеген пайгамбарлардын ичинен белгилүү пайгамбарларды гана үлгү көрсөтүп, алардын өз уулдарына жасаган мамилелеринен жалпы адамзатка сабак берчү максаттар камтылган. Адамзат жашоосунун башаты, Азирети Адам атадан башталып, Обо энебиз менен түтүн булатып, үй бүлө курган. Алгачкы перзент жытын жыттаган Адам ата менен Обо энебиз экени баарыбызга белгилүү. Азирети адам ата өз уулдары менен болгон мамилелери ыйык Куранда Адам ата жана анын үй бүлөсү жөнүндө кабар берилген. Адам ата алгачкы эки уулу Абыл менен Кабылды тарбиялап, ал экөөсүн Жараткан Алла Таалага мойун сунуучу

болууларын ар дайым эскерткен. Эки уулунун мүнөздөрүнө жараша милдеттерди жүктөгөн. Абылдын мүнөзү жумшак, мээримдүү болгондугуна байланыштуу ага жан жаныбарларды багууну берген. Ал эми Кабыл мүнөзү орой, ачуулуу болгондугуна байланыштуу ага жер иштетип, дыйканчылык кылууну берген. Анткени, жер канчалык кетмен менен чапсаң да баарын бирдей көтөрө билет. Адам ата эки уулунун мүнөздөрүн билип, алардын мүнөздөрүнө жараша мамиле кылуусу бүгүнкү аталардын да өз уулдарына тарбия берүүдө маанилүү бир сабак, улгү экендиги талашсыз.

Адам ата уулдарын тарбиялоодо аларга ар түрдүү тапшырмаларды берип, жакшы адам үлгүсү менен жаман адамдын үлгүсүн чагылдырган соонун көрүнүш тарыхта жазылган. Кичи пейилдүүлүк, берешендик, адамгерчиликтүүлүк менен сараңдык, пастык, кызгануу, ичи тарлыктын символун Адам ата эки уулунун мүнөздөрү менен кийинки келген урпакка сабак калтырышкан. Адам атанын уулдары өз мээнеттеринен Жараткандын ыраазылыгына арнаган курмандыкттары ыйык Куранда төмөнкүчө баяндалат.

وَاتْلُ عَلَيْهِمْ نَبَاَ ابْنَيْ اٰدَمَ بِالْحَقِّۢ اِذْ قَرَّبَا قُرْبَاناً فَتُقُبِّلَ مِنْ اَحَدِهِمَا وَلَمْ يُتَقَبَّلْ مِنَ الْاٰخَرِۜ قَالَ لَاَقْتُلَنَّكَۜ قَالَ اِنَّمَا يَتَقَبَّلُ اللّٰهُ مِنَ الْمُتَّق۪ينَ

*“Адамдын эки уулунун курмандыктары тууралуу чындыктуу байанды айтып бер. Алардын биринин курмандыгы (Аллах тарабынан) кабыл кылынды да, экинчисиники кабыл кылынган жок. Ошондо ал “сөзсүз мен сени өлтүрөм!” –деди. Ал: “Чындыгында Аллах такыбалардан гана кабыл кылат!”-деди.”*[2]

**Нух пайгамбар жана анын уулу Канан**.

Белгилүү болгондой эле Нух алейхис салаам эң көп үгүт ишин жасаган пайгамбарлардын бири. Өз коомуна акыл насаат айтып, Жараткандын жалгыздыгына чакырган. Канчалык аракет кылбасын, коому аны шылдыңдап, жүзүн жерге каратышты. Ошондой болсо да эрктүүлүгү, эрдиги жана чын ыкласы менен улуу Жараткан Алла Тааланын ыйык вазийпасын талыкпастан жеткире берген. Топон суунун апаатынан кутулгула деп эскертип, кургак жерге Кудайдын буйругу менен жер бетине эң алгачкы болуп кеме жасаган ыкластуу пайгамбар эле. Нух пайгамбар элүү жашка чыкканда Жабраил (алехис салам) келип, ары жоопкерчиликтүү , ары түйшүктүү пайгамбарлык деген кымбат вазийпаны тапшырат. Нух пайгамбар өмүрүнүн соңуна чейин элди тавхидке чакырарын убада берет.[3] Бул жагдай тууралуу ыйык куранда мындай деп айтылат:

*“Чындыгында Биз Нухту өз коомуна пайгамбар кылып жөнөттүк. (Нух) аларга мен силерге чыныгы эскертүүчүмүн, Аллага гана сыйынгыла! келечекте башыңарга жан чыдагыс күндүн азабы келишинен коркомун!” –деди.*[4]

**Нух пайгамбардын уулуна болгон камкордугу.**

Нух пайгамбар ата катары үй бүлөсүн да унуткан жок. Ал өз уулуна насаатын айтып, келечеги үчүн кам көргөн аталык милдетин аткарат. Уул катары баласы атасын сөзүн тыңшабай, тескери басат. Азирети Нухтун уулу Канан, атасынын эскертүүлөрүнө карабастан, мойун сунбай койот. Ошентип уулу капырлардын арасында калат. Бул бойунча ыйык Куранда төмөнкүчө баяндалат:

*“Кеме аларды тоодой толкундар арасында алып бараткандa Нух бир четте калган уулуна үн салды: Уулум, кел, биз менен бирге (кемеге) түшкүн, каапырлардын жанында калбагын!”*[5] *“Ал( уулу):- Мен өзүмдү суудан сактай турган бир тоонун үстүнө чыгып кетемин, деди. Нух айтты:- Бүгүн Алланын амиринен эч нерсе сактай албайт. Ошентсе да,*

[2] Ыйык Куран, Мааида сүрөсү, 27-аят.

[3] Осмон Нури Топбаш, которгон: Акылбек Халбеков, Ыйык Курандын негизинде пайгамбарлар тарыхы 1, Бишкек – 2014, б. 140.

[4] Ыйык Куран, Худ сүрөсү, 25-26- аят.

[5] Ыйык Куран, Худ сүрөсү 42- аят.

*(Алла) Өзү ырайым кылган адамды гана (сактайт). Дал ошол маалда адамдарды толкун жайпап, уулу чөгүп кеткендердин арасында калды."*[6]

Нух пайгамбар уулуна канча насаат айтпасын, уулу кулак салбай, тил укпаган уул болду. Аягында бузулган коом менен топон суугa чөгүп жок болгон. Эми ушул жерден сабак чыгарчу болсок, ар бир перзентти ата эне жакшы болсо экен деп тилейт. Уул кыздардын жакшы жагын, адеп ахлактуу болуп өсүүсүн көргөн ар бир ата эне төбөсү көккө тийип, эл алдында сыймыктанып жүрөт. Ал эми тил укпаган бала ата энесин жер каратып, кайгыга салат. Нух пайгамбардын уулу атасын тилин укпай, жыйынтыгында чоң зыянга учураган. Демек пайгамбардын баласы болсо да өз билгенин жасаган уул зыянга учураарын чагылдырууда.

**Ибрахим (а.с.) менен уулу Исмайылдын (а.с.) ортосундагы ата жана уул мамилеси.**

Ар бир пайгамбардын жашоосу адам баласына чоң сабактарды берип, кандай кыйынчылыктар болбосун андан чыгууга жол көрсөтөт. Алардын баскан жолдору бүтүн инсаниятка үлгү экени талашсыз. Балалуу болалбай, балага зар болгон үй бүлөлөргө Азирети Ибрахим пайгамбарды үлгү көрсөтсөк болчудай. Анткени, ал 83-86 жаш курагына чейин бала жытына зар болуп жашаган. Алла Таала дубасын кабыл кылып, картайган мезгилинде чырактай уулду тартуу кылат. Балага зар болуп жүргөн кезде оозунан чыккан сөз келечекте төрөлчү баланын курмандыкка чалынуусуна себеп болот. Кудайга берилген сөз, сөзсүз аткарылууга тийиш экендигин жашап көрсөтө алган Азирети Ибрахим пайгамбар, бул сөзүн ишке ашырууда уулу менен кеңешет. Ата менен уулдун ортосундагы мамиле мына ушул жерде соонун чагылдырылган. Азыркы учурда ата уулуна өтө оор ишти буйуруп, балам ушул ишке кандай карайт элең, мени колдойсуңбу? деген суроо менен кайрылса, бала эч ойлонбой дароо четке кагууну көздөйт. Атасын оор абалга калтыруу оңой эле иш болуп калууда. Атага терең урмат сый көрсөткөн перзенттер да жок эмес, өз атасына жасаган мамилесин көрүп, ичиңден ыраазы болосуң, ичиң жылыйт. Атанын айткан сөзүн жактырбай, уфф, уфф деген жаштарды көрүп, ичиңден капа болосуң. Ал эми Азирети Исмайыл (а.с.) атасына кыңк дебей, дароо айткан сөзүн аткарууга даяр болуп, атасына мойун сунган перзенттин үлгүсүн көрсөтө алган. Бул бойунча ыйык Куранда мындай деп баяндалган:

فَلَمَّا بَلَغَ مَعَهُ السَّعْيَ قَالَ يَا بُنَيَّ اِنّ۪ي اَرٰى فِي الْمَنَامِ اَنّ۪ي اَذْبَحُكَ فَانْظُرْ مَاذَا تَرٰىۜ قَالَ يَٓا اَبَتِ افْعَلْ مَا تُؤْمَرُۘ سَتَجِدُن۪ٓي اِنْ شَٓاءَ اللّٰهُ مِنَ الصَّابِر۪ينَ

*Уулу (Исмаил) аны менен бирге жүрүүгө жарап калган кезде: "Уулум! Сени түшүмдө мууздап, (курмандыкка чалып) жатыпмын. Ойлонуп көрчү. Буга кандай карайсың?" деди. Ал "Оо атаке! Сага Аллахтан кандай буйрук келсе, ошону аткар. Аллах кааласа менин сабырдуулардан экенимди көрөсүң", деди.*[7]

Мына ушул окуя бардык уул-кыздарга таандык бир сабак экени айтпаса да белгилүү. Аталардын буйругун кыңк этпей, ыраазы болуп аткаруу перзенттин кадырын бийиктетет. Исмаил (а.с.) да атасына мойун сунуу аркылуу Жаратkандын ыраазылыгына жеткен. Демек ар бир перзент ата энеге мойун сунуу аркылуу Кудайдын ыраазылыгына жетээри анык.

**Атанын катасын түзөө**

Азирети Ибрахим пайгамбар жаш кезинен эле жалгыз Кудайга ишенген ханиф сыпатка ээ эле. Атасы Аазар бутпарас болгон. Ар түрдүү жасалгалардан кудайчаларды жасап ошол учурдун элине сатат эле. Бул абалга зээни кейиген келечектин пайгамбары Азирети Ибрахим атасын жалгыз Кудайга ишенүүгө чакырган. Пайда да зыян да бербеген, кол менен жасалган сөлөкөттөргө сыйынуу туура эмес экенин эскертип келген. Атасы болбой эле уулу Ибрахимге (а.с.) ачууланган. Бул маселе Ыйык куранда төмөндөгүдөй баяндалган:

---

[6] Ыйык Куран, Худ сүрөсү 43- аят.
[7] Ыйык Куран, Саффат сүрөсү, 102-аят.

وَاِذْ قَالَ اِبْرٰهِيمُ لِاَبِيهِ اٰزَرَ اَتَتَّخِذُ اَصْنَاماً اٰلِهَةًۚ اِنّ۪ٓي اَرٰيكَ وَقَوْمَكَ ف۪ي ضَلَالٍ مُب۪ينٍ

*Ибрахим өзүнүн атасы Аазарга мындай деди: "Чын эле сен буттарга кудай катары сыйынасыңбы? Аныгында мен сенин жана сенин элиңдин анык адашканын көрүп турам"*[8]

إِذْ قَالَ لِأَبِيهِ يَٰٓأَبَتِ لِمَ تَعْبُدُ مَا لَا يَسْمَعُ وَلَا يُبْصِرُ وَلَا يُغْنِى عَنكَ شَيْـًٔا

*Ал атасына айтты: "Атаке! Сен эмнеге көрбөй, укпай жана эч кандай пайда бербеген нерселерге сыйынып жатасың".*[9]

يَٓا اَبَتِ لَا تَعْبُدِ الشَّيْطَانَۜ اِنَّ الشَّيْطَانَ كَانَ لِلرَّحْمٰنِ عَصِياً

يَٓا اَبَتِ اِنّ۪ٓي اَخَافُ اَنْ يَمَسَّكَ عَذَابٌ مِنَ الرَّحْمٰنِ فَتَكُونَ لِلشَّيْطَانِ وَلِياً

*"Атаке! Шайтанга мойун сунба. Акыйкатта, шайтан мээримдүүгө күнөөкөр болгон".*

*"Атаке! Акыйкатта мен сага Мээримдүүдөн жаза келээринен жана сен шайтандын досу болуп каласыңбы деп коркомун".*[10]

Хадистердин биринде: *Ар бир инсан ката кетирүүчү. Ката кетиргендердин эң жакшысы тообо кылгандар.* Бул хадисте айтылгандай, ар бир адам баласы ката кетирүүчү. Аталар да адашат, тескери басат. Ошондой учурда баланын ой пикири, атага болгон мамилеси кандай болууга тийиш. Динибиз Исламда ата эненин бардык буйруктарына баш ийүүгө балага милдеттүү болот. Бир гана ата же эне Алла Тааланын өкүмүнө каршы чыгууга же андан тыйууга үндөгөн болсо, ошондо гана баш ийбей койсо болот. Ал эми калган буйруктарына кыңк этпестен мойун сунууга милдеттүү. Атанын адашуусу, туура эмес жолдо жүрүүсү уулду өкүндүрбөй койбойт. Атага мээримдүү болгон бала жумшак тил менен тушүндүрүүгө аракет жасоосу абзел. Аяттарда Азирети Ибрахим (а.с.) атасына кайрылуу жасаганда "атаке" деп жумшак тил колдонгону байкалат. Атаке деп кайрылуусу эркелеп, кайрылуунун белгиси, ал эми жөн эле ата деп кайрылууда атага болгон жаман сезим болбосо да, эркелеп атаке деген мааниге салыштырмалуу бираз одоно болсо керек. Тыянак чыгара турган болсок, атанын катасын айтууда ага карата урмат сыйды унутуп калбоо зарыл. Жогорудагы Ибрахим пайгамбардын атасына кайрылуусун үлгү деп билсек болот

**Атанын Уулуна Болгон Сүйүүсү Азирети Якуб (а.с.) менен уулу Юсуф (а.с.)**

Ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө дегендей, ар бир ата-эне өз уул-кыздарын жакшы көрөт. Кичинекей наристе кезинде баланын жытына тойбой, кучагына алып, аларды эркелетип чоңойтот. Ата, аталык мээримин төгүп, эч нерсесин аябайт. Эне, энелик мээримин төгүп, өз уул-кыздарын бооруна кысып, эркелетип чоңойтот. Балдарын башына келген кайгыга кошо кайгыланат. Ооруса кошо ооруп, ыйласа, кошо ыйлайт. Ошондой болсо да ата энелер көбүнчө бала тарбиялоодо, аларга мамиле жасоодо ката кетирген учурлар көп кездешет. Балага болгон мамиле бардык балдардын ортосунда бирдей болбосо, адилетсиздиктин айынан ата энеден тарынган перзенттерди көрүүгө болот. Ата эненин перзенттерге жасаган жылуу маамилеси балдардын арасында бирдей болбосо, ортодо кызгануу сөзсүз болот. Улуусун кичүүсүнөн, сулуусун сулуу эмесинен айырмалабай, тегиз мамиле жасоо ар бир ата энеге түшкөн чоң милдет. Антпесе, перзенттеринин арасында бир бирине болгон жакшы көрүү сезим жоголуп, ынтымак кетип, кызгануу, көралбастык пайда болот. Мына ушул көрүнүш Азирети Якуб (а.с.) менен уулу Юсуфтун (а.с.) жашоосунда чагылдырылган. Белгилүү болгондой эле Азирети Якуб пайгамбардын он эки уулу болгон. Алардын эң кичүүсү Азирети Юсуф (а.с.) эле. Атасы Якуб (а.с.) уулдарынын арасынан өзгөчө Юсуфка сүйүүсүн арнагандыктан, берки балдары Юсуфтун көзүн тазалоону көздөшкөн. Ата катары Якуб (а.с) келечектеги пайгамбар болчу уулуна жасаган мамилесин түпкүлүгүндө эмне жатаарын берки балдары

[8] Ыйык Куран, Аньам сүрөсү, 74-аят.
[9] Ыйык Куран, Марям сүрөсү, 42-аят.
[10] Ыйык Куран, Марям сүрөсү, 44-45-аят.

түшүнгөн эмес эле. Жараткан Алла Таала Өзү коргоп, Юсуф амандыкта, Мысыр элине кул болуп сатылып кеткен. Кул болуп сатылып барган Юсуф (а.с.) кийинчерээк Мысыр элинин маңдайына жазылган барктуу инсан болот. Каатчылыктан аман эсен сактап калуунун жолун бир гана Юсуф пайгамбарга гана белгилүү болчу. Анткени ал Алла Тааланын буйругу менен элге кызмат кылган. Отуз беш жыл бою ата бала бирбирине жете албай, кусалык, сагынуунун азабын тартышкан. Мунун сырын эң аягында Жараткан Алла Таала Якубка (а.с.) кабар берген. Азирети Якуб (а.с.) уулу Юсуфка (а.с.) болгон чектен ашкан мээрими жана сүйүүсү (фатры мухаббаты) кайра эле өзүнүн чоң сыноого кириптер болушуна себеп болот. Улуу Алла Тааланын улуу ысмы сыфаттарынан “үзгүлтүксүз текшерүүчү жана көзөмөлдөөчү” маанисин туюнткан “ар-Ракииб” деген сыфаты бар. Жараткан Алла Таала пенделерин ар убак текшерип, көзөмөлдөп жана сынап турат. Ошондуктан Якуб пайгамбардын жүрөк ордосун уулуна болгон сүйүү ээлеп алат. Макулукка болгон сүйүүнүн ченемин билдирип коюш үчүн ага чоң сыноо берет. Алла таала ушундай жол менен анын Юсуфка болгон сүйүүсүн Өзүнө буруп, ага абдан чоң утукту ыйгарган. Кенен маалымат алуу үчүн пайгамбарлар тарыхына назар салыңыз.[11]

**Азирети Лукмандын уулуна айткан нассаттары**

Ыйык Куранда 114 сүрө болсо, бул  сүрөлөрдүн бири “Лукман” деп аталган. Азирети Лукмандын мусулмандардын арасында поплярдуу болуусунун бирден бир себеби, ыйык Куранда аты аталышы болуп саналат. Ыйык Куранда үлгүлүү инсан катары таанытылганына караганда Ислам дини келгенге чейин эле арабдардын арасында белгилүү экендиги маалым болууда. Азирети Лукмандын адеп ахлакка байланыштуу сөздөрү ар түрдүү аңгемелерде айтылып келет. Биз бул жерде анын жеке өмүр баяны эмес, анын адеп ахлакка кошкон салымы жөнүндө сөз кылмакчыбыз. Лукман Хакимдин насааттары көбүнчө уулуна карата айтылганы менен көмүскөдө жалпы адам баласына таандык адептерди өз ичине камтыйт. Ислам тарыхында Азирети Лукмандын даанышмандыгы, насааттары жазуу түрүндө да, ооз эки да атадан балага айтылып жүрөт. Кыргыз элибизде Улукман деген ат менен таанылып, адепке багытталган насааттары менен бирге даарыгер катары да таанылып келет. Көбүнчө элдик дарыгерлер бейтапканаларын Улукман деп аташат. Ооба, чындыгында Лукман Хаким жан дүйнөнү даарылаган табиб болгон. Ал акылмандыгы менен адамдарга жол көрсөтүп, жан дүйнөсү жабыркап жүргөн адамдарды дабалаган. Арадан нечендеген кылымдар өтсө дагы Лукман Хакимдин акыл насааттары ар бир доордо баалуулугун жоготпой келет. азыркы учурда да анын насааттары суудай керек экени байкалат.

**Ыйык Куранда Лукман Хаким уулуна айткан-насааттары**

Алла Таалага шерик кошпоо. Лукман Хакимдин насааттарынын башында Алла Таалага шерик кошпоо маселеси турат. Кураны Каримде мындайча баяндалат: *“Лукман уулуна акыл-насаат кылып: Уулум! Алла Таалага шерик кошпогун! Эч шек күмөнсүз шерик кошуу чоң зулумдук – деп айткан эле”.*  Демек адам баласынын эң башкы адеби Жаратуууччу Кудайдын алдында адебин сактоо керек экендиги баса белгиленүүдө. Адам баласынын жашоосу жан дүйнөсүндөгү ишенимине түздөн түз байланат. Кудайга ишенген адам эч качан туура эмес ишке барбайт. Ал эми ишеними туура эмес болсо, каалаганын жасап, арам адал деп иргебей, адепсиздик кыла берет. Зулумдук – бул адилеттүүлүктүн карама – каршысы. Алла Таалага шерик кошуу адилетсиздик, акты каралоо, адепсиздик дегенди билдирет.

**Ата – энеге урмат сый**

Куранда Азирети Лукмандын даанышмандыгы жөнүндө түшкөн аяттардын арасында ата-энеге урмат сый көрсөтүү маселеси да каралган: *“Биз инсанга ата – энесине жакшылык кылууну буйурдук.Энеси ага алсыздык үстүнө алсыздык менен кош бойлуу болду.(курсактагы бала чоңойгон сайын эненин күчү кетип, күн өткөн сайын алсыздана*

[11] Осмон Нури Топбаш, которгон: Акылбек Халбеков,  аты аталган китеп, б. 57.

*берет), анын эмчек эмүү мөөнөтү эки жылга туура келет. Сен Мага шүгүр кылгын жана ата – энеңе (ырахмат айт)!...."*[12]

Бул аятта айтылган буйрукка көңүл бура турган болсок, Алла Тааланын шериги жок деп ишенүү жана Анын буйруктарына кынтыксыз моюн сунуудан кийин эле ата – энеге урмат сый келээрин түшүндүк. Демек адеп – ахлак баалуулуктарынын эң башында Жаратканга моюн сунууу жана ата – энеге сый урмат турат экен. Ата – ененин ыраазылыгы аркылуу гана Жараткан Алла Тааланын ыраазылыгына жетүү мүмкүнчүлүгү бар деп түшүнсөк болот.[13]

**Лукман Хакимдин уулуна айткан насааттары адабий булактардын негизинде**

- Уулум! Такыбаалыкты акырет кенчи деп бил! Такыбаалык мал – мүлккө, байлыкка же акчага сатылчу нерсе эмес!
- Уулум! Дайым жаназага даяр тур! Анткени жаназа сага акыретти көз алдыңа алып келет. арам жана күнөө иштер сенин жалган дүйнөгө болгон сүйүңдү дагы да бекемдейт.
- Уулум! Жалган, калп сүйлөгөн адамдын адамдык нуру жоголот. Мүнөзү жаман киши күн өткөн сайын өзүнчө кыжалат болуп, кайгы – муңга батканы баткан.
- Уулум! Сабатсыз адамды эч бир жерге элчи катары жөнөтпө! Эгер акылдуу, даанышман адам табалбасаң өзүн бар!
- Уулум! Дүйнө түбү жок терең деңиз сыңары. Канчалаган адам ошол деңизге чөгүп кетпедиби. Бул деңизде такыбаалыктан жасалган кемең, анын ичинде ыйман жүгүң болсун, Аллага тобокелдүү болуп, изги иш- амал азыгыңды камдап ал! Андан чөкпөй аман эсен чыгып кетсең Алланын ырайымы менен, ал эим чөгүп кетсең күнөө иштериң себептүү болду деп билгин.
- Уулум короз сенден акылдуу болбош керек! Ал кунүгө эртең менен эрте Алланы зикир кылып, таспих айтат. Сен короздон мурун ойгонушуң керек.
- Уулум! Дос дегенди туура танда. Ал сен жок кезде сени ушактабасын, сен дагы аны!
- Уулум досторуңа ээ чыгып, сак бол! Туугандарыңды зыярат кыл!
- Уулум! Үч нерсе үч жерде айкын болот: жумшак мүнөз ачууланган кезде, эрендик чабыш майданында, тууганчылык муктаждык учурда билинет!

"Мен көп эле пайгамбардын кызматында жүрдүм. Алардын сөздөрүнөн ушул сегиз тыянакка келдим. Эгерде төмөнкү сегиз тыянакка көңүл бөлүп, ага ээ боло алсаң, тозок отунан кутуласың!

1. Намазда турган кезиңде жүрөгүңө,
2. Эл арасында жүргөндө тилиңе,
3. Дасторкондо отурган учуруңда колуңа,
4. Чоочун адамдын үйүндө көзүңө сак бол!
5. Алла Тааланы ар дайым зикир кыл, эч качан эсиңден чыгарба!
6. Өлүмдү дайым эсиңде тут, унутта калтырба!
7. Бирөөгө жасаган жакшылыгыңды дароо унутуп кой!

[12] Лукман, сүрөсү, 31/ 14-15
[13] Шохимардан Орунбеков, Ыйык Куранда адеп маселеси Азирети Лукман Хакимдин үлгүсүндө, Адеп ахлактык баалуулуктар симпозтуму, б. 267, Бишкек 2019.

8. Бирөө сага жамандык кылса, аны да унуткун!...”. – деп насаатын айткан.[14]

**Пайгамбарлардын мырзасы Мухаммад алайхис саламдан ата жана балага насааты**.

*“Ата Бейиштин ортоңку эшиги, кааласаң сындыр, кааласаң сактап кал”[15]*

*Азирети Пайгамбар мындай деп буйурду: “Атаңды сүйүүнтүүң Аллах Тааланы сүйүйнтүү менен барабар. Атаңды капа кылууң, Алла Тааланы капа кылууга тете”.[16]*

*“Перзент атанын акысын эч качан төлөй албайт. Бир гана ата кул болуп, бала аны сатып алып азат кылса акысын төлөгөн болот”[17]*

Ата эненин досторуна да жакшылык кылууга чакырган: Абдуллах бин Умардан (р.а.) риваят кылынган бир хадисте Азирети пайгамбарыбыз (с.а.в.) мындай деген:

*“Эң пазилетүү жакшылык иш, атасынын жакын досторуна жакшы мамиледе болуп, аларга жакшылык кылуу деп буйурган”.[18]*

**Перзенттердин атага таандык акы укугу**

*“Балдарыңдын сага жакшы мамиле кылуулары сенин балдарыңдын үстүндөгү акың, ошол эле учурда балдарыңа адилеттүү мамиле кылууң, балдарыңдын сенин үстүңдөгү акылары болуп саналат.”[19]*

*“Кимде үч кызы бар болуп, аларды жакшы багып чоңойтсо жана аларды жакшы жерге турмушка узатып, аларга жакшы мамиле кылган болсо, бейиштик болот.”[20]*

“Ар бир төрөлгөн бала табиятынан (фытрат) Ислам менен туулат. Кийин аны ата энеси яхуди, христийан, мажусий кылып тарбиялайт.”[21]

“Атанын уулуна берген эң чоң белеги бул тарбия.”[22]

“Үч дуа сөзсүз кабыл болот: зулум чеккендин дуасы, сапарга чыккан кишинин дуасы, ата-эненин перзенттерине жасаган дубасы.”[23]

## Колдонулган адабияттар

Ыйык Курани Карим, которгондор: А. Исмаилов, Д. Абдылдаев, С. Доолов, С. Гавай, жана Кыргызча мааниси, Бишкек – 2017.

Осмон Нури Топбаш, которгон: Акылбек Халбеков, Ыйык Курандын негизинде пайгамбарлар тарыхы 1, Бишкек – 2014.

Муслим, Абул Хусайн ал- Кушайри, ан-Нисабуурий, Муслим бин ал-Хажжааж, Сахихи Муслим “Китаабул Бирр ва Сылаа вал Адааб”, Даарус салаам, XIII, Арабистан, 2000.

Тирмизий, Абу Иса, Мухаммад бин Иса, Сунанут-Тирмизий, Китабул “Бирр ва Сылаа”, III-Том, Истанбул 1992.

Арыкан, Эмине, “Курани каримде Ата-Эне жана перзенттердин өз ара мамилелери” Магистратура диссертациясы, Инону Университети 2014-ж. VIII, 67-бет.

Шохимардан Орунбеков, Ыйык Куранда адеп маселеси Азирети Лукман Хакимдин үлгүсүндө, Адеп ахлактык баалуулуктар симпозтуму, Бишкек 2019.

[14] Осмон Нури Топ баш, аты аталган эмгек, 224-б
[15] Тирмизий, “Бирр ва Сылаа”, III, 350.
[16] Тирмизий, “Бирр ва Сылаа”, III, 350.
[17] Тирмизий, “Бирр ва Сылаа”, III, 355.
[18] Муслим, “Китаабул Бирр ва Сылаа вал Адааб”, XIII, 19.
[19]Абу Давуд, Сунан 83.
[20] Абу Давуд, Сунан, китабул Адаб, 120-121
[21] Муслим, “кадар”, 22-25
[22] Тирмизий, “Бирр ва Сылаа”, 33
[23] Тирмизий, “Бирр ва Сылаа”, 7